УДК: 81

Койлубаева А.

*К.Тыныстанов ат. ЫМУ*

# «МАНАС» ЭПОСУНДАГЫ ШАРТТУУ БАГЫНЫҢКЫ СҮЙЛӨМДӨР

*Макалада багыныңкы байланыштагы кошмо сүйлөмдүн тутумундагы шарттуу багыныңкы байланыштагы кошмо сүйлөмдүн баш сүйлөм менен байланышуусунун эң өнүмдүү каражаты (шарттуу ыңгайдын –са мүчөсү) жөнүндө сөз болот.*

Багыныңкы байланыштагы кошмо сүйлөмдүн тутумунда синтаксистик эки түгөй болот да, анын бири багыныңкы сүйлөм, экинчиси баш сүйлөм деп аталат. Бул эки түгөй грамматикалык татаал бир бүтүндүн (кошмо сүйлөмдүн) өз ара ажырагыс бекем байланышкан жана маанилери боюнча бири экинчисине багынычтуу, көз каранды болгон бөлүктөрү болуп саналат. Баш сүйлөм багыныңкы сүйлөмдү маанилик жактан өзүнө багындыруу менен, кошмо сүйлөм аркылуу берилип жаткан ой – пикирди жыйынтыктап турат. Ошол себептүү багыныңкы сүйлөмгө караганда баш сүйлөм маани жактан басымдуулук кылат. Ал эми багыныңкы сүйлөм болсо, баш сүйлөмдөгү ойдун түрдүү кырдаалын, белгилерин, мүнөзүн баяндайт.

Азыркы кыргыз тилинде абдан кеңири өнүккөн багыныңкы сүйлөмдөрдүн бири-шарттуу багыныңкы сүйлөм. Алар баш сүйлөмдө айтылып жаткан кыймыл-аракеттин, окуянын, кубулуштун (натыйжанын) орундалуу же орундалбай калуу шартын билдирет да, маанилери боюнча, баш сүйлөмгө болгон катышына карай реалдуу, реалдуу эмес жана божомол түрү деп бөлүнүшөт.

М: 1. Кеңешели деп калса,
Алданып мөөнөт бербегин.
2. Бул ашыма келбесе,
Бул кызыкты көрбөсө,
Тим эле ачам уйкусун.
3. Ачуу келип бакырса,
Кырк бир шердин үнү бар.
4. Чайнап келип жуткузса,
Жаралуу жери басылды.
5. Ортоңку калмак мыкчыса,
Сүйгөндөй болуп бир жери
Кыйчылдады басылды.

Берилген мисалдардагы шарттуу багыныңкы сүйлөмдөрдүн болгон маанилик катыштары, аларда коюлган шарттын баш сүйлөмдө орундалышы же орундалбай калышы бирдей эмес. Биринчи жана экинчи багыныңкы байланыштагы кошмо сүйлөмдөрдүн тутумундагы багыныңкы түгөйүндөгү шарттын баш сүйлөмдө орундалышы – чечиле элек маселе, үчүнчү жана төртүнчү сүйлөмдөгү коюлган шарттын орундалышы өзүнөн – өзү реалдуу чындыкка туура келет. Ал эми бешинчи сүйлөмдөгү багыныңкы түгөйдөгү шарт баш сүйлөмгө реалдуу орундалды. Ошентип, биринчи жана экинчи кошмо сүйлөмдүн багыныңкы бөлүгү – шарттуу сүйлөмдүн божомолдонгон түрү, үчүнчү сүйлөмдүн багыныңкы бөлүгү – шарттын реалдуу эмес (ирреалдуу) түрү, төртүнчү жана бешинчи сүйлөмдүн багыныңкы бөлүгү шарттуу сүйлөмдүн реалдуу түрү болуп саналат.

Факты – материалдарга караганда, шарттуу багыныңкы сүйлөмдүн реалдуу түрү көбүрөөк колдонулса, реалдуу эмес түрү биринчисине салыштырмалуу алганда азыраак кездешет. Ал эми үчүнчү түрү болсо, андан да сейрек колдонулат.

Багыныңкы байланыштагы кошмо сүйлөмдүн тутумундагы шарттуу багыныңкы сүйлөмдүн баш сүйлөм менен байланышуусунун эң эле өнүмдүү, өтө көп колдонулган каражаты –*са* мүчөлүү этиш болуп эсептелет. «Манас» эпосунун материалдарында - *са* мүчөлүү этиш аркылуу уюшулган сырткы түзүлүшү боюнча окшош, бирок маанилери, ошондон улам синтаксистик милдеттери ар башка болгон багыныңкы сүйлөмдөр кездешет:

а) мезгил маанисинде: Башка кыйын иш түшсө,
Айла табар шер ошол.

б) шарт маанисинде: Берендиги чын болсо,
Кайнап жаткан Кытайды
Бээжинге чейин куусун де.

в) орун маанисинде: Аарылуу журтубуз кайда чогулса,
Абалтадан кан төгүүчү шарты бар.

г) сын-сыпат маанисинде: Телегейи тең болсо,
Чоң чыкпаган көк болсо,
Кан Кошойду баш кылсак
Көкөтөйгө аш берсек.

Мында багыныңкы сүйлөмдүн бардыгы баш сүйлөм менен шарттуу ыңгайдын *–са* мүчөсү аркылуу байланышты. Алардын бирдей формада түзүлгөндүгүнө карап, бардыгын тең сүйлөмдүн бир түрү катарында кароого болбойт, себеби алар баш сүйлөмдөгү айтылып жаткан ойдун ар башка кырдаалын (мезгил, шарт, орун, сын - сыпат) көрсөттү.

Сөз болуп жаткан түзүлүштөгү багыныңкы байланыштагы кошмо сүйлөмдөрдүн тутумундагы баш сүйлөмдөрдүн негизги баяндоочтору келер чакта колдонулуп, элем, элек, экен деген сөздөр тизмектеле айтылат. Өтө сейрек колдонулса да, багыныңкы сүйлөмдүн баяндоочуна жалганган этиштин өздүк мамилесинин *–ын* мүчөсү кошулуп айтылуу менен, ошондой эле баяндоочу чакчылдын *–й* мүчөсү аркылуу уюшулган шарттуу багыныңкы сүйлөмдөр уюшулат:

М: 1. Муруттарын карасаң,
Чоң балтанын сабындай
Оң далысы кең экен,
Ойроттуу бузар эр экен.
2. Арка моюн арасы
Кабылдап кеткен жер экен
Айбалта тийген жарасы
3. Темингенин соо койбой,
Женгендин бири болучу.
4. Жолдон тапкан кылычың
Өткүрлүгү кылычтай
Айтканына бек турган,
Убада сөзгө жылышпай.

-са мүчөлүү этиштер катышкан шарттуу багыныңкы сүйлөм көп маанилүү. Мында *–са* мүчөсү шарттуу сүйлөмдү түзүүчү бирден-бир грамматикалык көрсөткүч болуп саналат. Экинчиден ушул эле *–са* мүчөсү катышкан сөздөр аркылуу мезгил, себеп, салыштырма, өлчөм жана карама-каршы маанидеги багыныңкы сүйлөмдөр да түзүлөт. Анын үстүнө *–са* мүчөлүү шарттуу багыныңкы сүйлөм адамдын нечен кылдат ой жүгүртүүсүн, дайыма жана турмушка болгон көз карашын билгизүү жагынан толуп жаткан маанилерди берет. Мына ушул жагынан алганда шарттуу багыныңкы сүйлөм байыркылардан болуу менен, кошмо сүйлөм ичиндеги негиздүүлөрүнүн бири.

**Адабияттар**

1. Сартбаев К. Кыргыз тилиндеги кошмо сүйлөмдүн синтаксиси. –Фрунзе, 1957.
2. Орозбаков С. “Манас” эпосу.